**Бишкек шаарынын мэриясынын**
**«Мамлекеттик менчикте турган,**
**Бишкек шаарынын мэриясына убактылуу акысыз пайдаланууга берилген суу фондунун жер участокторун ижара шартында мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү тартиби жана шарттары жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө» токтомунун долбооруна**

# МААЛЫМ КАТ

**1. Максаты жана милдети**

Бишкек шаарынын мэриясынын «Мамлекеттик менчикте турган, Бишкек шаарынын мэриясына убактылуу акысыз пайдаланууга берилген суу фондунун жер участокторун ижара шартында мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү тартиби жана шарттары жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө» токтомунун долбоору (мындан ары – токтом долбоору) Мамлекеттик менчикте турган жана Бишкек шаарынын мэриясына убактылуу акысыз пайдаланууга берилген суу фондунун жер участокторун натыйжалуу башкаруу жана пайдалануу максатында иштелип чыкты.

**2. Баяндоочу бөлүк**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 18-февралындагы №79 «Бишкек шаарынын чектериндеги суу фондунун жер участокторун пайдалануу маселелери жөнүндө» токтому менен мамлекеттин менчигинде турган суу фондунун жер участоктору Бишкек шаарынын мэриясына убактылуу акысыз пайдаланууга берилген.

Мындан тышкары, жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен Бишкек шаарынын мэриясына Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ченем жаратуу ыйгарым укуктарын өткөрүп берүүнүн алкагында, Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарынын талаптарын эске алуу менен Бишкек шаарынын мэриясы бекиткен тартипте суу объекттеринин жер участокторун ижара шартында убактылуу пайдаланууга берүүгө ыйгарым укугу берилген, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомуна тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилип, анда Бишкек шаарынын мэриясы убактылуу акысыз пайдаланууга берилген суу фондунун жер участокторун ижаралоо тартибин жана шарттарын бекитүү ыйгарым укугуна ээлик кылат.

Ушуга байланыштуу, Бишкек шаарынын аймагында жайгашкан суу фондунун жер участокторун берүү жол-жобосун тартипке келтирүү, көрсөтүлгөн жерлерди өз алдынча жана максатсыз пайдаланууга жол бербөө максатында, суу фондунун жер участокторун ижара шартында

мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү тартибин жана шарттарын аныктоочу, Мамлекеттик менчикте турган, Бишкек шаарынын мэриясына убактылуу акысыз пайдаланууга берилген суу фондунун жер участокторун ижара шартында мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү тартиби жана шарттары жөнүндө жобонун долбоорун бекитүүнү сунуштаган Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан токтом долбоору иштелип чыкты.

Токтом долбоорун ишке ашыруу, Бишкек шаарынын чек арасында жайгашкан суу фондунун жерлерин натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдаланууга, аларды берүүнүн мыйзамдуулугун камсыздоого, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын экологиялык жана жаратылышты коргоо ченемдерин сактоо менен, Бишкек шаарынын суу объекттеринин абалын жакшыртууга жана алардын жээк аймактарын өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү түзүлөрү болжолдонууда.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык жана коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Токтом долбоорун кабыл алуу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык терс кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуулоонун жыйынтыгы жөнүндө маалымат**

Коомдук талкуулоо жол-жобосун өткөрүү максатында сунушталган токтом долбоору «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталына жайгаштырылган.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Токтом долбоору колдонуудагы мыйзамдардын, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине карама-каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жана булактары жөнүндө маалымат**

Токтом долбоорун кабыл алуу республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден кошумча финансылык чыгымдарды талап кылбайт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Сунушталган долбоор ишкерлердин кызыкчылыктарын жөнгө салууга багытталбагандыгына байланыштуу, жөнгө салуучу таасирин талдоону талап кылбайт.

**Мэр** **А.Дж. Джунушалиев**